# Жыйырма төртүнчү март.




2022.3.7 11:16

# ЖАГЫМДУУ МААНАЙ




Элдин
элдиги-
эне
тилинде
Билимдүү
зор
Билимсиз
кор.
Карынын
сөзү
жамак.
Жашоого
сабак.



# АЛТЫН ЭРЕЖЕ:

**М**ЭЭНЕТ КЫЛУУ
**У**ЛУУНУ УРМАТТОО
**Г**УМАНДУУ БОЛУУ
**А**КТИВДҮҮ КАТЫШУУ
**Л**ОГИКАНЫ ӨСТҮРҮҮ
**И**ЛИМГЕ УМТУЛУУ
**М**ЭЭРИМДҮҮ БОЛУУ

***Балдар алтын эрежеден кайсыл сөздү байкадыңар? Туура, «МУГАЛИМ»- деген сөз экен. Бул сөз кулагыбызга жөнөкөй эле сөз угулганы менен, өзүнө терең маанини камтыган, биздин жашообузду шыдыр кылган, ыйык сөз бар.***

# МУГАЛИМ ДЕГЕН КИМ?



***Мугалим бул мектепте окутуучу, балдарга билим, тарбия берүүчү, билген нерсесин, акыл насаатын үйрөтүүчү адам. Жашоого жол корсөткөн, келечек ээлерине билим берген, дүйнөнүн сырларын ачкан адам болуп эсептелет. Мугалим учун өзүнүн баласынан дагы , окуучусунун тартиби, билими өйдө болот. Себеби ал мугалимдин милдети. Ошондуктан мугалим силердин экинчи ата-энеңердей болуп кала берет.***

# ЖАШООБУЗДУ БИЛИМСИЗ ЭЛЕСТЕТҮҮГӨ БОЛОБУ?



*Билим сага урмат сый алып келет,*
*Билим сага акыл ой, кубат берет,*
*Канча билсең ошончо үйрөн, оку*
*Билиммдүү тилегине дайыма жетет-*
*деген ыр саптарындай эле өзүңөрдөн кийинки муундарга акыл насаат айтууну, сүйлөөнү, терең ойлонуп ийгиликке жетүүнү үйрөтүүчү адам бул- мугалим.*

# ТАРБИЯЛЫК САБАК.

## ТЕМА: МУГАЛИМ БААЛООГО ТАТЫКТУУ ИНСАН.

# САБАКТЫН МАКСАТЫ:

- **Мугалим деген ким, мугалимдик кесип ардактуу, ары түйшүктүү экенин түшүнөсүңөр.**
- **Мугалимдик кесиптин түбөлүктүүлүгүнө жана жашоодогу орду өтө чоң экендигин билесиңер.**
- **Талыкпастан изденип окуучуларга билим тарбия берген мугалимдерди сыйлаганга тарбияланасыңар жана кесип ээси болууга багыт аласыңар.**




2022- ЖЫЛ – ТООЛОРДУН
ЭКОСИСТЕМАСЫН КОРГОО ЖАНА
КЛИМАТТЫК ТУРУКТУУЛУК ЖЫЛЫ

*Мугалим кандай гана ардактуу сөз жана эскирбеген кесип. Мугалимдин орду абдан маанилүү жана бийик. Мугалимдик кесиптин тарыхына кайрылсак. Эң алгач мугалимдерди аалымдар деп аташкан. Мугалимдер сабак өтүүчү жайлар медрессе деп аталган. Ал эми Европа мамлекеттеринде байлардын, ак сөөктүн балдары жеке мугалимдерди жалдашкан. Балдары үчүн жазууну жана окууну гана үйрөнүү жетиштүү болсо, кыздары дагы руханий дүйнөсүн байытуу үчүн гана окушкан.*

*Ал эми биздин кыргыздарда болсо Октябрь революциясынан кийин гана элдердин сабаттуулугу ачыла баштаган. Андай көрүнүктүү аалымдарыбыздын бири Ишеналы Арабаев болгон. Ал окуучулар үчүн биринчи болуп Алиппе китебин чыгарган. Элдерди билим алууга үгүттөгөн.*

***Мугалимдер үчүн азыркы күндөгү оор экономикалык абалда өз кесибин таштабай окуучуларга талыкпай билим берүүсү сыймыктануучу кесипти аркалап келе жатканы талашсыз.***

***Мугалим өтө жоопкерчиликтүү, татаал жана башкаларга көп байкалбаган кесиптин жүгүн өзү тартып келет. Мугалим бул тажрыйбалуу психолог, кереметтүү акын, даңазалуу актёр, теңдеши жок жардамчы, эң башкысы чыныгы дос деп түшүнсөк болот.***

***КРнын 2008- жылдын февралындагы №36 токтомунун негизинде, октябрь айынын биринчи жекшемби күнү жыл сайын мугалимдердин профессионалдуу майрамын белгилөө күнү деп жарыяланган.***

***Ал эми бүткүл дүйнөлүк мугалимдер күнү 1994- жылдан баштап 5- октябрда белгиленип келет.***


КЕЛЕЧЕК ТОБУ

# ИЛИМ ТОБУ




# КЕЛЕЧЕК ТОБУ

*Жеңишке жетиш үчүн алдыга койгон мыкты максат, ой тилек, умтулуу жана ден-соолук керек. Жогорудагы компоненттер аткарылганда гана биз келечекке жол ачабыз. Келечек азыр жаштардын колунда. Келечегин мыкты түзгөн адам байлыкка, бийликке, максатка жана билимге жетише алат. Келечекке умтулган адам аалам кыдырып космоско жетет. Келечек менен чоң-чоң өнөр жайлар, завод, фабрикалар курулуп, адамзаттын акыл эси өнүгөт.*

# ИЛИМ ТОБУ

***Адамзат пендеси өзүнүн жашоосунда бир эле келечекке оңой жана жеңил жетүүнү ойлошот. Инсан алдыга койгон ой максаттарына жетүү, келечегин мыкты түзүү үчүн илим аттуу кудукту ийне менен казуу керек. «Билим алуу ийне менен кудук казгандай»,- демекчи, илимдүү болуу адам баласы өз аракетин, күчүн жумшоосу зарыл. Ар тармактагы кесип ээлери өз ой максаттарына жетүү үчүн, ошол багыттагы илимди алуу анын биринчи максаты. Илим менен биз ойлогон келечек курулат.***


МУГАЛИМ
МЭЭНЕТКЕЧ
ЭМГЕКЧИЛ
ҮЙРӨТҮҮЧҮ
МЭЭРИМДҮҮ
БООРУКЕР
ОКУТУУЧУ

- МУГАЛИМ
- ЭМГЕКЧИЛ, БИЛИМДҮҮ
- ОКУТАТ, ТАРБИЯЛАЙТ, ҮЙРӨТӨТ
- МУГАЛИМ БААЛООГО ТАТЫКТУУ ИНСАН
- АГАРТУУЧУ

# МАКАЛ-ЛАКАПТАР:

1.Мугалим- учканга канат, укканга санат.

2.Мугалим-күндөй чачыраса, окуучу-гүлдөй ачылат.

3.Мугалим- чырпыктан чынар өстүрөт.

4.Билимсиз өскөн бала- суусуз өскөн дарактай.

5.Мугалим- мөмөлүү дарак.

# УЧКУЛ СӨЗДӨР:

1.Баланы тарбиялоо-таштты кемиргенге тете.

2.Баланы таяк менен эмес, акыл менен тарбияла.


3.Мугалим- сыйлуу да, сыймыктуу да кесип.

4.Сапаттуу мугалим, сапаттуу билим алуунун кепили.

5.Мугалим бул оор нерселерди оңойлотуучу адам.

**Бышыктоо:** Мына балдар көрдүңөрбү, мугалим жөнүндө кандай гана мааниси терең, улуу сөздөр бар. Жогорудагы макал-лакаптарга, учкул сөздөргө кошумчалап, дагы кандай сөздөрдү айта кетсек болот?

**М-** мээримдүү
**У-** улук
**Г-** гумандуу, гүлдөй инсан
**А-** акылдуу, адилеттүү
**Л-** лидер
**И-** илимдүү
**М-** мыкты инсан десек болот.



Мына балдар мугалим канча деген мыкты сөздөргө татыктуу экен. “Мугалим- тарыхы бар чексиз барак.”- деп да айтылып келет.

**Жыйынтыктоо:** Топторду жыйынтыктоо, балоо.

(желекче жана жылдызча менен)

**Үй тапшырма:** " Мугалим- баалоого татыктуу инсан"- деген темада эссе жазып келүү.

